ственной собственности на природные ресурсы, степень защищенности которого повысит уровень доверия к экономике нашего государства, позволит обеспечить стабильность экономического роста и благосостояния экологической среды.

## СПИСОК ИСПОЛЬЗОВАННЫХ ИСТОЧНИКОВ И ЛИТЕРАТУРЫ:


1. Конституция Кыргызской Республики [Электронный ресурс]: принята референдумом 27 июня 2010 г (в редакции Закона Кырг. Респ. от 28 декабря 2016 года). // Информационно-правовая система «ТОКТОМ мамлекет Про». - https://online.toktom.kg/NewsDivision/Division/1?page=0&size=15. - Загл. с экрана.
2. Крассов О.И., Рюмина Р.Б. Право государственной собственности на природные ресурсы [Текст]: / О.И. Крассов, Р.Б. Рюмина.// Государство и право. 1995. - № 9. - с. 76-81.
3. Дорошенко, Е.Н. Конституционно-правовое регулирование экономических отношений: [Текст]: дис. ... канд. юрид. наук: 12.00.02 / Е.Н. Дорошенко. - М., 2004. - С. 4.
4. Гаджиев, Г.А. Конституционные основы современного права собственности [Текст]: / Г.А. Гаджиев. // Журнал российского права, 2006. - С. 23.
5. Алексеев, С.С. Структура советского права.[Текст]:/С.С. Алексеев. - М.,1975.- С. 155.
6. Гражданский кодекс Кыргызской Республики. Часть 2. [Электронный ресурс]: // Информационно-правовая система «ТОКТОМ мамлекет Про». - https://online.toktom.kg/News Division/Division/1?page=0&size=15. - Загл. с экрана.
7. Мазаев, В.Д. Понятие и конституционные принципы публичной собственности: Учебное пособие. [Текст]: / В.Д. Мазаев. - М.: Институт права и публичной политики. 2004. - С. 32.
8. Морозова, Л.А. Государство и собственность (Проблемы межотраслевого института) [Текст]: / Л.А. Морозова //Государство и право. 1996. - №12. - С. 21.
9. Богданова Н. А Система науки конституционного права. [Текст]: / Н.А. Богданова. - М., 2001. - С.59.
10. Гребенников, В.В. Институт права собственности в системе конституционно-правового регулирования рыночных отношений [Текст]: /В.В. Гребенников // Конституционный строй России. Выпуск 3.- М.,1996.- С. 105.


**Рецензент:** Кочкарова Э.А., доктор юридических наук, доцент КГЮА

**УДК 342.4+341.231.14(575.2)**

***А.Нуридинова,***
*КМЮАнын конституциялык жана муниципалдык укук кафедрасынын ага окутуучусу*
***Нуридинова А.,***
*ст.преподаватель кафедры конституционного и муниципального права КГЮА*
***Nuridinova A.,***
*senior lecturer of Department constitutional and municipal law of the KSLA*
*mobile phone: +996 (556) 666111*
*e-mail: nurdinova3005@mail.ru*
***Т.Шакенов,***
*КМЮАнын конституциялык жана муниципалдык укук кафедрасынын окутуучусу*
***Шакенов Т.,***
*препод.кафедры конституционного и муниципального права КГЮА*
***Shakenov T.,***
*lecturer of Department constitutional and municipal law of the KSLA*
*mobile phone: +996 (556) 760460*
*e-mail: shtd_94@mail.ru*

# КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНДА АДАМ ЖАНА ЖАРААНДЫ ЮРИДИКАЛЫК ЖАРДАМ МЕНЕН КАМСЫЗ КЫЛУУНУН КОНСТИТУЦИЯЛЫК ПРИНЦИПТЕРИ

# КОНСТИТУЦИОННЫЕ ПРИНЦИПЫ ОБЕСПЕЧЕНИЯ ЮРИДИЧЕСКОЙ ПОМОЩИ ЧЕЛОВЕКУ И ГРАЖДАНИНУ В КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКЕ

# CONSTITUTIONAL PRINCIPLES OF PROVIDING LEGAL ASSISTANCE TO A PERSON AND A CITIZEN IN THE KYRGYZ REPUBLIC

***Аннотация:*** *Макала адамдын жана жарандар үчүн квалификациялуу жардам көрсөтүү принципинин негизине арналган. Мыйзамдарды талдоо, конституциялык принциптеринин институтунун табиятын чагылдырган укуктук негиздерин карап чыгуу*

*боюнча акысыз юридикалык жардам көрсөтүү берилди.*

***Аннотация***: *Статья посвящена принципам обеспечения квалифицированной юридической помощи человеку и гражданину. Представлен анализ законодательно закрепленных конституционных принципов, отражающих природу института обеспечения бесплатной юридической помощи.*

***Annotation:*** *The article is devoted to the principles of providing qualified legal assistance to a person and a citizen. Presentation of an analysis of statutory constitutional principles.*

***Негизги сөздөр:*** *квалификациялуу юридикалык жардам; принциптери; юрист; мыйзамдуулук; жеткиликтүүлүк; кесиптик сырлар; жарандык коом.*

***Ключевые слова***: *квалифицированная юридическая помощь; принципы; адвокат; законность; доступность; профессиональная тайна; гражданское общество.*

***Keywords:*** *qualified legal assistance; principles; lawyer; legality; accessibility; professional secret; civil society.*

Кыргыз Республикасында адамды жана жарааанды квалификациялуу юридикалык жардам менен камсыз кылуу институтунун конституциялык табиятынын маанилуу муноздомолору эн толук көөлөмдө анын конституциялык принциптер системасында айкындалат. Алар юридикалык жардамдын нормативдик талаптарын концентрацияланган формада корсотот жана конституциялык укук системасында маңыздуу түзүлүштөр болуп эсептелет. Ошондой эле, алар - квалификациялуу юридикалык жардам институтунун нормативдик мазмунундагы мыйзам жаратуу жана укук колдонулуучу иш-аракетинин ишке ашуусунда конституциялык маанилүү баалуулуктар балансынын сакталышынын олуттуу шарты болуп эсептелет.

Чындыгында, принциптер дегенде, адатта, укуктун калыптануу, өнүгүү жана иштөө процессинин башталышын алып барган, буюмдар жана кубулуштардын эң маанилүү өзгөчөлүктөрүн жана табиятын чагылдырган жетектөөчү идеяларды түшүнө-бүз. [1] Юриспруденцияда принциптер, укук принциби жана укуктук принцип болуп бөлүнөт. Укук принциптери дегенде укук аң-сезиминин категорияларын, башкача айтканда, негиз салуучу идеяларды жана укуктун, укукту жөңгө салуунун башталышын чагылдырган укуктук илимдин элементтери. Ал эми укуктук принциптерди ала турган болсок, алар, эң негизгиси, укук принциптерине таандык билдирүү формаларына жана алардын укук нормалары менен ара катышына жараша ар кандай авторлор менен ар башкача аныкталат. [2]

Белгилей кете турчу нерсе, негизделген, дээрлик адекваттуу жана максатка ылайыктуу болуп эсептелген позицияга жараша принциптерди корсотүү формасы укукта эки жактуу болушу мумкун: алар айкын принцип - нормалар турундо түзүлүшү же укук институттарынын жана тармактарынын жалпы жоболорунун катарында корсотүлүшү мүмкүн. Муну менен бирге, алар нормативдүүлүк сапатына ээ экендиги шексиз. Укук принциптеринин мындай түшүнүгү Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 6-беренесини 3-бөлүмүндөгү жана 40-беренесинин 1-бөлүмүндөгү жоболор менен мамилелеш келет. Ошондой эле, белгилүү болгондой, бул жобо Кыргыз Республикасынын укук системасына, эл аралык укук актыларында толук жана түздөнтүз жол-жоболоштурулбаган, эл аралык укуктун жалпыга таанылган принциптерин камтыйт. Ал эми КР Конституциясынын 40-беренесинин 1-бөлүмүндөгү жобо, Кыргыз Республикасындагы адамдын жана жараандын укуктары жана эркиндиги эл аралык укуктун жалпыга таанылган принциптерине ылайык таанылаарын жана кепилденээрин эске алат. Андыктан, алардын мыйзам чыгаруучу жөнгө салынуусу (таанылуу жана кепилденүү формаларынын бири катары) эл аралык укуктун жалпыга таанылган принциптери менен нормативдик байланышта болот. [3]

Буга ылайык, конституциялык принциптер, укуктук принциптерди корсотуу формаларынын бири катары, Конституцияда түздөнтүз же кыйыр түрдө билдирилген, жана ошондой эле, конституциялык практикада, анын ичинде сот адилеттигинин практикасында калыптанган мамлекеттик-уюштуруучулук коомдун тиричилик аракетинин негиз салуучу баалуу-нормативдик императивдери болуп эсептелет.

Квалификациялуу юридикалык жардам менен камсыз кылуунун конституциялык принциптери бирдиктүү нормативдик-укуктук системаны түзөт, бул болсо алардын топтомун (каталогун) жана нормативдик өз ара байланыштарын алдын-ала аныктайт. Ушуга

байланыштуу, төмөнкү конституциялык принциптерди белгилеп кетүү мүмкүн.

*1. Мыйзамдуулук принциби.*

Ал колдонуудагы Негизги мыйзамда түздөн-түз бекитилбесе да, мыйзамдуулук талабы Кыргыз Репсубликасынын Конституциясынын 1-беренесинин 1-бөлүмүнүн, 6-беренесинин 1-бөлүмүнүн жана 5-беренесинин 3-бөлүмүнүн нормалары менен аныкталат. Бул нормалар Кыргыз Республикасын, Конституциясы эң жогорку юридикалык күчкө ээ болгон жана түздөнтүз колдонулган, укуктук мамлекет деп жарыялайт; мамлекет, анын органдары, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, кызмат адамдары Конституция жана мыйзамдар менен аныкталган ыйгарым укуктардын чегинен чыкпашы керек. [3]

Мыйзамдуулук принциби мыйзамдардын баардык органдар, коомдук уюмдар, кызмат адамдары жана жараандар тарабынан так жана бекем сакталышын жана аткарылышын талап кылат. Ал, мыйзам чыгаруу менен бирге, укук колдонууну жана ал укукту иш - жүзүнө ашырууну камтыйт жана квалификациялуу юридикалык жардамга ылайыктап коргондо төмөндөгүлөрдү билдирет: а) юридикалык жардам институттары колдонуудагы мыйзамдарга так ылайыкташтырылып түзүлөт; б) юридикалык жардам корсоткон адамдар өз ишинде мыйзам талаптарын жана аларга негизделген мамлекеттик органдардын жана кызмат адамдарынын талаптарын толугу менен аткарууга милдеттүү; в) юридикалык жардамды уюшурууучу структуралардын иштеши мамлекеттин, ошондой эле юстициянын көзөмөлүндө болот; г) юридикалык жардам корсоткон адамдар мыйзамдардын талаптарын бузгандыгы үчүн мыйзамга ылайык жоопкерчиликке тартылат.

2. *Юридикалык жардам институтунун мамлекеттик жана коомдук башталыштарынын айкалышуу принциби, ишке ашыруунун уюштуруу - укуктук формаларынын плюрализми.*

Кыргыз Республикасынын Конституциясы квалификациялуу юридикалык жардам институтун бекемдөө жана мамлекетке аны кепилдөө милдетин жүктөө менен бирге, юридикалык жардам берүүнүн негиздеринин, шарттарынын жана уюштуруу - укуктук формаларынын айкын тизмегин аныктабайт. Буга ылайык, ал конституциялык укуктарды коргоо жана ишке ашыруу үчүн юридикалык кол кабыш менен камсыз кылууда коомдук жана мамлекеттик структуралардын өз ара аркеттенүүсүн жана кызматташтыгын четке какпастан, тескерисинче, демократия шарттарында талап кылат.

Муну менен бирге, инсандын укуктарын, эркиндигин жана мыйзамдык кызыкчылыктарын мамлекеттик бийлик субъектилеринин иш-аркеттеринен коргоо зарылчылыгы, анын ичинде сот тартибинде, юридикалык жардам институтунун табиятында коомдук (мамлекеттик эмес) элементтин болуусун аргасыз кылат.

*3. Кесипкойлук, юридикалык компетентүүлүк принциби*

Бул принцип дал ушул квалификациялуу юридикалык жардамдын конституциялык кепилденүүсүнөн түздөнтүз келип чыгат. Муну менен бирге, Кыргыз Республиксынын Конституциясы жараандарга юридикалык жардам көрсөткөн адамдардын квалификациясынын тиешелүү деңгээлин күбөлөндүрчү критерийлерге көрсөтмөлөрдү камтыбайт, демек алардын аныкталышы мыйзам чыгаруучунун компетенциясына тиешелүү.

Юридикалык жардам көрсөткөн субъектилердин компетенттүүлүк принциби эл аралык укук нормалары менен да аныкталат. Юристтердин ролуна тиешелүү болгон, 1990-жылы кылмыштуулукту алдын алуу жана мыйзам бузуучуларга мамиле кылуу боюнча БУУнун сегизинчи Конгресси тарабынан кабыл алынган Негизги принциптерине ыйлайык, мамлекеттик башкаруу органдары, юристтердин профессионалдык бирикмелери жана окуу жайлар юристтердин тиешелүү квалификациясын жана даярдыгын, алардын профессионалдык идеалдарды жана моралдык милдеттерди, жана ошондой эле, адамдын улуттук жана эл аралык укук тарабынан таанылан укуктарын жана негизги эркиндигин билүүсүн камсыз кылат. [4]

Мындан сырткары, кароого алынган принцип улуттук мыйзам чыгаруу денгээлинде, адвокат же нотариус статусун алууга талаптануучу адамдарга коюлган өзгөчө талаптарда көрсөтүлөт. Ошентип, адвокат статусун алуу үчүн төмөндөгүлөрдүн болуусу зарыл: жогорку юридикалык билими бар жана юридикалык адистик боюнча бир жылдан кем эмес иш тажрыйбасы бар, квалификациялык экзамен берген Кыргыз Республикасынын жарааны болуусу. [5]

*4. Юридикалык жардамдын жеткиликтүүлүк принциби, аны акысыз алуу мүмкүнчүлүгүн камтыйт.*

Юридикалык адабиятта юридикалык жардамдын жеткиликтүүлүгү сот адилеттигинин жалпы тармактык принциби катары бир нече ирээт каралат. Бирок, Ю.А. Куричев туура белгилегендей, юридикалык камсыз кылуу, сот адилеттигине караганда, жарандардын жана уюмдардын катышуусу менен бир кыйла чоң аймакты камтыйт, ошондуктан юридикалык жардамдын жеткиликтүүлүгү - мамлекеттин жана укуктун принциби. [6]

Кыргыз Республикасынын Конституциясы ар бирөөнүн квалификациялуу юридикалык жардамга болгон укугун кепилдейт, демек, ал ага муктаж болгон ар бир адамга тиешелүү түрдө камсыз кылынышы керек. Кыргыз Республикасынын Конституциясы юридикалык жардамдын кепилдигин ишке ашыруунун ар кандай жолдорун тандоо мүмкүнчүлүгүн мыйзам чыгаруучуга калтыруу менен бирге, адамдын жана жарандын укуктары жана эркиндиги түздөнтүз колдонууда экендигин негизге алат; алар баардык мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын ишмердигинин маанисин жана мазмунун аныктайт. Кыргыз Республикасы анын аймагында жана карамагында болгон баардык адамдарды сыйлайт жана аларды адам укуктары жана эркиндиги менен камсыз кылат.

Ошентип, Кыргыз Республикасынын Конституциясы квалификациялуу юридикалык жардамдын башка конституциялык укуктардай эле, укуктардын жана негизги эркиндиктин конвенциялык кепилдениши жөнүндөгү адам укуктары боюнча Европалык Соттун формуласы менен реалдуу жана натыйжалуу болушу керектигин негизге алат.

Квалификациялуу юридикалык жардамдын жеткиликтүүлүгү үч элементтин өз ара байланышкан биримдигинен турат:

а) башка укук жана мыйзамдык кызыкчылыктардын ишке ашуусуна зыян келтирбестен, адамды юристтин жардамын пайдалануунун мейкиндик мүмкүнчүлүгү менен камсыз кылган физикалык жеткиликтүүлүк;

б) өз убактылуулукту талап кылган убакыт жеткиликтүлүгү: айрым учурларда, мисалы, юридикалык жардам берүүнүн токтоосуздугу жазык-процесс мамилелеринде орун алат;

в) жеткиликтүү акыга юридикалык жардам алууну талап кылган материалдык-каржылык жеткиликтүүлүк: бул акынын өлчөмү укук, эркиндик жана мыйзам кызыкчылыктарын ишке ашырууда, кесиптик юридикалык жардам алуу жолунда тоскоолдук, барьер болбошу керек. Буну менен бирге, айрым учурлдарда, квалификациялуу юридикалык жардам, материалдык абалды эске алып, Кыргыз Республикасынын Конституция-сынын 40-беренесинин 3-бөлүгү талап кылгандай, мамлекеттин эсебинен камсыз кылынышы керек.

*5. Юридикалык кызмат көрсөтүү институттарынын (жарандык коомдогу институттар сыяктуу) ачык-айкындыгына карата анын даректик камсыз кылуусунун купуялуулугу (адвокаттык жана нотариалдык сырлар)*

Ачык-айкындык принциби заманбап демократиялык укуктук мамлекеттин фундаменталдык негиздеринин бири болуп эсептелет. Ал, Конституция жана мыйзам тарабынан коомдук-укуктук милдеттердин аткарылышы жүктөлгөн институттардын ишмердигинин жана уюштуруусунун ачыктыгына, тунуктугуна жана айкындыгына өз ара байланышкан талаптарын коет. Ачык-айкындык, демократиянын куралы катары, маалыматка болгон укуктун теңдигин камсыз кылуунун, коомдун коомдук-саясий турмушка катышуусунун, бийлик жана башкаруу органдарынын жарандар тарабынан көзөмөлүнүн, жарандык коомдун онүгүүсүнүн ыкмасы болуп саналат.

Белгилеп кеткендей эле, квалификациялуу юридикалык жардамдын институттары, жарандарга юридикалык жардам жана колдоо көрсөтүү аркылуу алардын укук, эркиндик жана мыйзам кызыкчылыктарын таануу жана коргоо боюнча мамлекеттин конституциялык милдетин ишке ашыруу таризи болуп чыгат. Демек, социалдык жашоого аракеттин бул чөйрөсүндөгү абал, уюштуруучу структураларынын мамлекет тарабынан тапшырылган юридикалык жардамынын сапаты коомдук-мамлекеттик кызыкчылыктын предметин түзөт. Ал эми аты аталган структуралар өзү менен өзү мамлекеттин жана коомдун алдында милдетүү жана алардын көзөмөлүндө, анын ичинде айкын эсеп-кысап түрүндө болот.

Ошону менен бирге, квалификациялуу юридикалык жардам көрсөтүүнүн уюштуруучу структураларынын маалыматтык ачыктыгы чексиз боло албайт. Анын чектери юридикалык кызмат алууга кайрылган жарандардын укуктарын жана кызыкчылыгын кемсинтүүгө жол бербөө менен аныкталат. Купуялуулук жана жараан менен адвокаттын ортосундагы кардарлык мамилелердин ишеними мунун кепилдиги болуп эсептелет.

Ошентип, адвокаттын кесиптик сыры, ишеним билдирүүчүгө Кыргыз Республикасынын Конституциясы тарабынан берилген иммунитет жана адвокаттын ишмердигинин шексиз артыкчылыгы болуп саналат. Сырдын сактоо мөөнөтү убакыт менен чектелбейт. Адвокат ишеним билдирүүчүдөн сырткары эч ким тарабынан кесиптик сыр сактоо милдетинен бошотула албайт. Кесиптик сыр сактоо эрежелери, айрыкча: адвокат тарабынан ишке даярдануу учурунда топтолгон баардык далил жана документтерге; адвкокат тарабынан ишеним билдирүүчүлөрдөн алынган маалыматка; юридикалык жардамды көрсөтүү учурунда адвокатка маалым болгон ишеним билдирүүчү жөнүндөгү маалыматка; ишеним билдирүүчүгө жана ага тиешелүүлөргө берилген укук кеңештеринин мазмунуна; иш боюнча адвокаттык өндүрүштүн баардыгы; юридикалык жардам көрсөтүүгө байланыштуу башка маалыматка карата колдонулат.

*6. Квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугун чектөөгө жол бербөө*

Кыргыз Республикасынын Конституциясынын бири-бирине байланышкан 24-беренесинин 5-бөлүмүнө жана 40-беренесинин 3-бөлүмүнө ылайык, квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугу конституциялык кепилденүүнүн которүңкү деңгээлине ээ жана өзгөчө абал шартында да чектөөлөргө учурабайт. [3] Бул да болсо, анын конституциялык-укуктук инсан статусунун структурасында укук коргоочулук жана укук кепилдөөчүлүк милдетин жана айрыкча, чексиз болуп эсептелген конституциялык, соттук коргоо укугунун реалдуулугун жана натыйжалуулугун камсыз кылуусун эсепке алганда, кокустан эмес болуп саналат.

Ошону менен бирге, квалификациялуу юридикалык жардам алуу укугун чектөөгө жол бербөө, бул укуктун нормативдик мазмунунунун мыйзам чыгаруу конкреттешүүсүнүн, анын чектерин аныктоонун, уюштуруучу-укуктук механизмдин жана аны ишке ашыруу процедураларынын, жана ошондой эле, укук субъектилеринин айрым категориялары тарабынан аны ишке ашыруу өзгөчөлүктөрүнүн зарылчылыгын жокко чыгарбаары шексиз. Ошондой эле, квалифика-циялуу юридикалык жардам укугунун конституциялык максаттарына жетиш үчүн тоскоолдуктар жаралбашы керек жана анын бар болуусунан шектенбөө керек. Ал максаттар ар бир адамдын объективдүү зарылчылыгы болгон учурда компететтик юридикалык колдоого таянууга реалдуу мүмкүнчүлүгүнүн болуусу менен аныкталат.

Аты аталган квалификациялуу юридикалык жардамды камсыз кылуунун конституциялык принциптери система болуп эсептелет, андыктан алардын объективдүү өз ара байланыштарын эсепке алуу менен колдонулат. Бул байланыштар менен, айрыкча, тиешелүү принциптердин ар бирөөсүнүн сырткы чек аралары аныкталат жана алардын ар бирөөсүнө чексиз маани берилбейт. Жогоруда көрсөтүлгөндөй, алар өзүнүн айкындыгын жана нормативдик өнүгүүсүн атайы тармактык процессуалдык мыйзам чыгаруучулуктан алат.

## КОЛДОНУЛГАН БУЛАКТАРДЫН ЖАНА АДАБИЯТТЫН ТИЗМЕГИ:

1. Козлова, Е.И., Кутафин, О.Е. Конституционное право России [Текст]: учебник / Е.И. Козлова, О.Е. Кутафин - 2-е изд., перераб. и доп. - М.: Юристъ, 1998. - 129 с.

2. Лазарев, В.В. Конституционное право [Текст]: /В.В. Лазарев.-М.: Юрист, 2004. -263 с.

3. Конституция Кыргызской Республики [Электронный ресурс]: принята референдумом (всенародным голосованием) 27 июня 2010 г. (с изменениями от 28.12.2016 г.) // Информационно-правовая система: «ТОКТОМ мамлекет Про». - Режим доступа: http://www.toktom.kg/?comp=main&m_t=1./06.05.2019/-Загл. с экрана.

4. Основные принципы, касающиеся роли юристов от 27 августа - 7 сентября 1990 года [Электронный ресурс]: - Режим доступа: http://www.un.org/ru/documents/decl_conv/conventions/role_lawyers.shtml. /06.05.2019/- Загл. с экрана.

5. Об Адвокатуре и адвокатской деятельности [Электронный ресурс]: закон Кырг. Респ. от 14 июля 2014 года № 135 (в ред. Закона Кырг. Респ. от 19 апреля 2017 года № 61) // Информационно-правовая система «ТОКТОМ мамлекет Про». - Режим доступа: http://www.toktom.kg/?comp=main&m_t=1./06.05.2019/ - Загл. с экрана.

6. Панченко, В.Ю. Правовые режимы юридической помощи [Текст]: В.Ю. Панченко. - М., 2012. - С. 13-15.

**Рецензент:** Абдыбеков А.А., кандидат юридических наук, доцент кафедры уголовного процесса и прокурорского надзора КГЮА